


# Сомдун куну солгундап баратат

**Апта башында Кыргызстанда сомго карата** доллардын курсу кескин жогорулап кетти. Улуттук банктын расмий курсу боюнча бир доллар 54 сомдун тегерегинде болсо, жеке акча алмаштыруучу жайларда бир доллар 60 сомго дейре кымбаттап барып, үчүнчү күнү бир аз төмөндөдү.

НАЗГҮЛ БОСТОНБАЕВА

Сомдун долларга карата расмий курсу март айынын алгачкы күндөрүндө кескин төмөндөп долларга карата 1,52 сомго арзандады. Өзгөчө 3-март күнү бир катар жеке акча алмаштыруучу жайларда доллардын баасы 56 сомдон 58 сомо чейин жогорулап кетти. Ал эми евронун курсу да ушундай эле тездикте жогорулап, 80 сомго дейре көтөрүлдү. Улуттук банктын маалыматы боюнча сомдун куну бир нече жылдан бери мынчалык төмөн түшө элек болчу. 2011-жылдын мартынан баштап, үстүбүздөгү жылга чейин улуттук валютанын долларга карата катышы 47-49 сомдун тегерегинде болуп келген. Улуттук банктын көрсөткүчү боюнча өткөн жылдын декабрь айынан бери доллар 5 сомго чейин жогорулаган болсо, базарда 8 сомго чейин кымбаттаган. Жалпы жонунан эсептегенде жыл башынан бери сом долларга салыштырмалуу 10 пайызга арзандады.

## УЛУТТУК БАНК: ДҮРБӨЛӨҢ ТҮШҮҮГӨ НЕГИЗ ЖОК

Улуттук банктын жетекчилиги акча базарындагы мындай олку-солкулук сырткы факторлорго байланыштуу экенин жүйө келтирип, тынчсызданууга негиз жок экенин билдирди. "Сомдун курсу эркин коюлган жана анын баасын базар аныктайт. Кандай болгон күндө да банк тарабынан бир топ аракеттер көрүлүп, сомдун туруктуулугун сактап калуу үчүн төрт жолу 61 млн. доллардан ашуун интервенция жасады. Башкача айтканда 61 млн. долларды сатыкка чыгарды. Доллардын жогорулап жатышына казак теңгесинин девальвация болушу, андан кийин Украинадагы кризистен улам рублдын баасынын төмөндөшү себеп болду. Банк жетекчилиги тарабынан бардык каржы базарындагы жактарга: коммерциялык банктарга, акча алмаштыруучу жайларга такай көзөмөл жүргүзүлүп, чайкоочулукка жол бергендерге чара көрүлөт. Андыктан жарандарды дүрбөлөңгө түшпөөгө чакырам",-деди Улуттук банктын төрайымынын орун басары Сүйөркул Абдыбалы тегин.


СҮРӨТТӨР: ИНТЕРНЕТ БУЛАКТАРЫНАН

## ДЕПУТАТТЫН СУНУШУ, ӨКМӨТТҮН КАДАМЫ

Парламенттин 27-февралдагы жыйынында депутат Марат Султанов сомдун кунунун солгундап жатышына Улуттук банк гана эмес, өкмөт дагы аракет көрүшү керектигин белгиледи. "Жыл башынан бери сом 10 пайыз арзандап кетти. Мындай кырдаал коопту. Биздеги соода балансы кескин начарлап кетти. Өкмөт сомдун туруктуулугун сактап калуу үчүн тайын программа түзүп, анын механизмдерин иштеп чыгышы керек",-деди эл өкүлү.

Ал ортодо кыргыз өкмөтү дагы акча базарындагы өйдө-төмөн аба ырайына анализ жасап, ириде социалдык маанидеги азык-түлүктөрдүн баасы долларды ээрчип кетпөөсүнүн чарасын көрө баштады. Ага ылайык, күн сайын тиешелүү кызматтар тарабынан социалдык маанилүү товарларга мониторинг жүргүзүлүп, ички рынокто азык-түлүк жана күйүүчү майды ири өлчөмдө сатып алууга жол бербөө аракети көрүлүп жатат. Ошондой эле ун жана ун азыктарына болгон баа кескин кымбаттаган учурда материалдык резервдеги буудайдын запасын брондон чыгаруу жолу менен бааны кармап калышмакчы.

## КЫМБАТТОО ЭПКИНИ КҮЙҮҮЧҮ МАЙГА КЕЛДИ

Кыргызстан мунай сатуучулар бирлигинин президенти Медетбек Керимкуловдун айтымында, доллар курсунун өсүп жатышы күйүүчү майга да таасир тийгизе баштады. Анын айтымында, 1-марттан тарта А-80 үлгүсүндөгү күйүүчү майдын 1 литри 50 тыйынга, А-92 20 тыйынга, А-95 10 тыйынга, ал эми А-98 үлгүсүндөгү май 30 тыйынга кымбаттаган.

"Мындай шартта күйүүчү майдын кымбатташы анык. Себеби мунай сатуучулар бааларды доллар курсуна теңдөөгө мажбур болушат. Орусиядан импорттолгон мунай дагы 14 пайызга кымбат келди. Биз мурдагы бааны запаста турган 130 миң тонна майдын эсебинен сактап турабыз. Запастагы май болжол менен 1,5 айга жетет. Андан кийин баа дагы жогорулай баштайт. Канча сомго кымбаттай турганын эч ким айта албайт",- деди М.Керимкулов.

## УЛУТТУК БАНК КЫЗЫЛ КУЛАКТАРДЫ ТЕСКЕЙ БАШТАДЫ

Улуттук банкы жыл башынан бери 334 акча алмаштыруучу жайды текшерди. Аталган банктын маалымат кызматы билдиргендей, текшерүү учурунда 69 жайга эскертүү берилсе, 33 жайдын ишмердүүлүгүнө убактылуу тыюу салынды. Ал эми 6 акча алмаштыруучу жайдын лицензиясы чакыртылып алынды. Банк жетекчилиги эскерткендей, өзгөчө доллардын кымбаттоосунан пайдаланып чайкоочулук жасагандарга токтоосуз чара көрүлөт. Анткени, доллардын курсу кескин кымбаттаган учурда банк тарабынан коюлган расмий курстан жеке акча алмаштыруучу жайлардагы курстун айырмасы өтө эле жогору болгондугу байкалган.

## ЭКСПЕРТТЕР ЭМНЕ ДЕЙТ?

Эксперттердин баамында Америка долларынын көлөмүн азайтканына байланыштуу баасы өсүп кетти. Дүйнөдө товар алмашуу процесси негизинен доллар менен жүргөндүктөн, бул көпчүлүк өлкөлөргө таасирин тийгизди. Алдын ала алынган божомолдорго караганда сомдун куну дагы төмөндөп кетиши ыктымал. Мындай учурда сырттан ташылып келинген товарлардын баасы жогорулашы күтүлөт.Экономика тармагы боюнча талдоочу Улук Кыдырбаевдин айтымында сомдун кунунун түшүүсү рублдин курсу менен тикелей байланыштуу. "Жакынкы аралыкта доллардын дагы жогорулай тргандыгы тууралуу божомол бар. Мунун биринчи себеби доллардын рублга карата жогорулоосуна байланыштуу болот. Улуттук валютанын рублга көз карандылыгынын башкы себеби – Орусияда эмгектенип жүргөн мигранттардын акча которуулары",-деди У.Кыдырбаев.

**Эксперттердин баамында Америка доллардын көлөмүн азайтканына байланыштуу баасы өсүп кетти.**